Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектеби



**"Сапаттуу билим – жаңы муунга жаңыча билим жана тарбия берүү"**

# «МАНАС ТААНУУ»

**интеллектуалдык таймашы**

**Ийрим жетекчиси: С.Исагакунов**

Эмгек-Талаа айылы 2022-жыл 20-апрель

Сканировано с CamScanner

Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектебинин

2021-2022-окуу жылынын 20-апрелинде өтүлүүчү

“Манас таануу” интеллектуалдык сабак-таймашынын

план-конспектисин

“Бекитемин” ____________ Н.Самсалиева

1. Сабактын темасы: “Манас таануу” интеллектуалдык сабак-таймашы
2. Сабактын максаты:
   - Кыргыз элинин руханий мурасы жана тарыхый байлыгы болгон Манас үчилтигин окуучулар жана эл арасына жайылтуу;
   - Өсүп келе жаткан жаш муундарды “Манас” эпосунун ой чабытынын негизинде жарандык атуулдукка, достукка, биримдикке, улут аралык ынтымакка тарбиялоо;
   - Окуучуларды рухий дөөлөттөргө сугаруу менен адеп, ыйман жана Мекенчилдик сезимдерин жогорулатуу.
3. Сабак таймаштын жүрүшү жана тартиби:
   - Командалар “Манас” эпосунан алып өзгөчө ат коюшат жана аны жактап беришет;
   - “Үчилтик” ( С. Каралаевдин академиялык варианты боюнча 5 суроо берилет)
   - “Угуп тап” (Манасчылардан берилген видеого ылайык көөнөргөн сөздөрдү чечмелеп берүү 1сөз)
   - “Сырттандарды сынайбыз” (топ башчыга гана суроо узатылат. “Ооба” же “жок” деп гана жооп берүүсү керек)
   - “Өз ара суроо” (команда атаандашына 2 суроо даярдап келет)
4. Калыстар тобунун түзүү жана иштөө тартиби
   - Калыстар тобунун курамын аныктоо;
   - Баалоо суроолор үчүн 5 баллдык система менен жүргүзүлөт.

Сканировано с CamScanner

Саламатсыздарбы! бүгүнкү семинардын катышуучулары жана кадырлуу меймандар.

Чокусу бүткүл чыгыш рухунун,

Балбылдап көк асманда жылдыз болуп,

Көөнөрбөй кылымдарга күйүп турар ,

Кыргызы турган кезде кыргыз болуп,-деп

Кыргыз Республикасынын эл акыны - Абдыкапар Эгембердиев Саякбай Каралаевге карата жазган ушундай 4 сап ыры менен гаасын белгилеп кеткендей, Улуу Кыргыз эли нечен кылымдардан бери муундан -муунга "Манас"эпосун таберик катары сактап,өткөрүп келген. Анда эмесе,"Манас таануу" интеллектуалдык таймашыбызды баштайбыз

Сканировано с CamScanner

# С.Каралаевдин варианты боюнча түзүлгөн үчилтик суроолору

1. Алооке жанын сактап калыш үчүн Манаска кандай сунуш киргизет?

2. Бакай уулу Байтайлакка эмне үчүн ичи чыкпай калат?

3. Жолой ,Дөнгө баштаган кытай балбандары эмне себептен Жарманасты кармап кетет?

4.Темиркан эмне себептен Каныкейди Букардын бир бурчуна башчы кылат ?

5. Манаста ал нерсе бир гана жолу айтылат жана бир гана жолу колдонулат?

6. Манас эмне үчүн атасына таарынып кетип калат?

7. Айчүрөк Чачыкейден эмнени өтүнөт?

8. Акбалтанын Алтайдагы кыргыздарга айткан акылы ?

9.Кара-Үнкүрдн арсак таштары жатканда денеге өтпш үчүн Бакай кандай амал колдонот?

10. Сейтек кайсы учурда төрөлгөн ?

11. Ылангыр сынчы кимди көрүп тан калган ?

12. Жети кемпирди Айчърөк кантип өлтүрөт ?

13. Каныкейге арачыга кимдер барат ?

14. Алманбет сырбаранга кантип ээ болгон ?

15. Манаста ломду эмне деп атайт ?

Сканировано с CamScanner

# «Сырттандарды сынайбыз»

## «Ак бата» тобу

1.Алманбеттин аялы Аруукеби? (ооба)

2. Болоттун тулпары чабдарбы? (жок)

3. Көк чебич Бакайдын тулпарыбы? (жок)

4. Жакыптын чон атасы Ногой ханбы ?(жок)

5. Карачанын кызы Акылайбы? (жок)

6. Алманбеттин тулпары Саралабы ? (ооба)

7.Багдөөлөт Жакыптын кемпириби ? (ооба)

8. Торучаар Манастын атыбы? (ооба)

9. Аккелте кылычбы ? (жок)

10.Акун хан Чачыкейдин атасыбы? (жок)

Сканировано с CamScanner

## «Алтын казына » тобу

1. Чубактын сөөгү Таласка коюлганбы? (жок)
2. Талгак болгон Чыйырдыга шердин этин Кожожаш алып келеби? (жок)
3. Коенаалы Көкбөрүнүн уулубу ? (ооба)
4. Кумайыкты Ажыбай багабы ? (жок)
5. Байчоро Байдын уулубу ? (жок)
6. Акылай Манастын жарыбы ? (ооба)
7. Канчоро Акбалтанын небересиби ? (ооба)
8. Үмөтөй Семетейдин карын бөлөсүбү? ( Ооба)
9. Каныкей Темиркандын улуу кызыбы? (жок )
10. Карлыгач Манастын өлгөнүн билгенби ? (жок)

Сканировано с CamScanner

# «Кыраан Манас» тобу

1.Телкызыл Музбурчактын атыбы ? (жок)

2. Алманбеттин сөөгү Олуя- Атага коюлганбы? (жок)

3. Конурбайдын иниси барбы ? (жок)

4. Айчүрөк 18 мин ааламды бир күндө кыдырганбы?(ооба)

5.Көзкаман менен Жакып бир тууганбы ? (ооба)

6. Бирмыскалдын атасы Эсенканбы ? (жок)

7. Жолой Кошой менен күрөшкөнбү? (ооба )

8.Канчоро менен Кълчоро эгизби ? (жок)

9. Үмөтөй Көкчөнүн уулубу ?(ооба)

10.Акеркеч Каныкейдин эжесиби? (ооба)

Сканировано с CamScanner

Ак мөңгүсү актыгындай арымдын ,
Кызгалдагы кызылындай канымдын.
Кагылайын мекенимден бөлбөсүн,
А болбосо, башкасына кайылмын !-деп көп кырдуу талант Элмирбек Иманалиев айткандай, чындыгында мекенден ,журттан элди конушунан айрыбасын деген изги тилектер менен "Манас таануу" таймашыбызды аяктайбыз.

Ар убакта Ала –Тоонун койнунда Манас атабыздын урпактары аман болуп , Манас деп ураан чакырган Улуу Кыргыз өрүшү кенен болсун!

Сабакты жыйынтыктоо: Жеңичүүлөргө грамоталарды, баалуу сыйлыктарды тапшыруу

Сканировано с CamScanner

*Керимбай уулу Сарыбай орто мектеби*

# ЗАТ АТООЧ, АНЫН СӨЗ ТҮРКҮМҮ КАТАРЫ МҮНӨЗДҮҮ БЕЛГИЛЕРИ, ГРАММАТИКАЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

**$5^{Б}$-КЛАСС**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТ МУГАЛИМИ: САРТМАНБЕТОВА Н.**

Сканировано с CamScanner

Бекитемин 9. 03. 21. Завуч [illegible]

Сабактын темасы: Зат атооч, анын сөз түркүму катары мүнөздүү белгилери, грамматикалык түзүлүшү.

Сабактын максаты:

а) Билим берүүчүлүк:
Окуучулар зат атоочтун лексикалык, морфологиялык, синтаксистик белгилери, жасалышы, бөлүнүшү жана түзүлүшү боюнча алган билимдерин бекемдешет.

б) Өнүктүрүүчүлүк:
Зат атоочту башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап, чыгармачылыгын өнүктүрүп жана сөз байлыгын өстүрөт.

в) Тарбия берүүчүлүк:
Окуучулар эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасында туура сүйлөөгө, орфографиялык эрежелер боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышат.

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз,.. эгерде окуучу...

а) - Окуучулар зат атооч сөздөрдү таба алса;
- зат атоочтун грамматикалык белгилерин билсе;
- зат атоочтун бөлүнүшүн билсе;
- конуучулардын иштей алса.

б) - Зат атоочту башка сөз түркүмүнөн айырмалай билсе;
- адабий тилде сүйлөп, чыгармачылыгы өнүксө;
- сөз байлыгы калыптанса.

в) - Эне тилин сүйүүгө тарбияланса;
- орфографиянын эрежеси боюнча туура жаза алса.

Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын методу: Интерактивдүү метод.

Сабактын жабдылышы: карточкалар, методикалык

карандаштар, ватман, маркер ж.б.

Сабак аралык байланыш: Кыргыз адабияты.
Сабактын журушу: 1) Уюштуруу, атын эреже кабыл алуу.
2) Өтүлгөн теманы кайталоо.

I. Окуучулар эки топко бөлүнөт жана аларга сөз түркүму боюнча тапшырма берилет. Кластер түзүшөт.
1-топ: Сөз түркүмү.
2-топ: Зат атооч.

II. 1) Сөз түркүмүнө бөлүштүрүүдө кайсы принциптер эске алынат?
2) Маани берүүчү сөз түркүмү деген эмне?
3) Кызматчы сөз түркүмү деген эмне?
4) Өзгөчө сөз түркүмү деген эмне?
5) Аларга кайсылар кирет?

Жаңы тема: Зат атооч.

I. Сабактын максаттары окуучуларга түшүндүрүлөт.
II. Заттардын, буюмдардын, көрүнүштөрдүн, кубулуштардын, окуялардын атын атап, ким? эмне? кимдер? эмнелер деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү зат атооч деп аталат.
Зат атоочтун төмөнкүдөй белгилери бар:
- лексикалык: заттын атын атап көрсөтөт;
- морфологиялык: жөндөлөт, сан, таандык категориялары менен өзгөрөт, айрымдары жакталат;
- синтаксистик: сүйлөмдө баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн милдетин аткарат. Мындан тышкары атама сүйлөм жана каратма сөз боло алышат.

Лексикалык белгисине мисал: китеп, окуучу, үй, тоо.
Морфологиялык белгиси: 1) жөндөмө менен өзгөрөт:
М: А. китеп
И. китептин
Б. китепке
Т. китепти
Ж. китепте
Ч. китептен.
2) жекелик жана көптүк санда өз-т.
китеп – китептер.
3) Таандык категориясы:
I. китебим китебибиз.
II. китебиң китебиңер.
III. китеби китеби.

Сканировано с CamScanner

4) Жак категориясы м/н өзгөрөт:
I кылмын кылбау.
II. кылсын. кылсындар
III. кыл. кылдар.

Синтаксистик белгиси: а) Баш мүчөнүн милдетин аткарат. М: Акындар(ким?) - акын(ким?).
б) Аныктооч мүчөнүн милдетин аткарат. Мисал: Элге(кимге?) эр кымбат.

Зат атооч түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал зат атооч болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй зат атооч бир гана сөздөн, татаал зат атооч эки же андан көп сөздөн түзүлүп, лексикалык бир түшүнүктү билдирет.

Жөнөкөй зат атооч: пахтачы, өнөр, кол, китеп ж.б.

Татаал зат атооч: кол жазма, таш көмүр, таш бака, сүт-эмизүүчү, казан-аяк ж.б.

360 - көнүгүү. Берилген суроолорго жооп берүүчү зат атооч сөздөргө мисал келтиргиле.

Ким? Эмне?
Кимдер? Эмнелер?

361 - көнүгүү. Табышмактын жообун тап, зат атооч сөздөргө кандай мүчө уланган?

1. Бир жерден(з.а.) сүттөп, миң жерге(з.а.) угулат. (радио)

2. Инеси(з.а.) жок, жиби(з.а.) жок, терезеге(з.а.) сайма(з.а.) сайт. (аяз)

3. Түндө(з.а.) бар, күндө(з.а.) жок, асманда(з.а.) бар, жерде(з.а.) жок. (ай).

362 - көнүгүү. -чы, -ма, -кана, -ым деген мүчөлөрдү улап, сөздөр тапкыла. Сөздү уңгу мүчөгө ажыраткыла, кандай мүчө уланды?

М: малчы, басма, китепкана, басым.

365 - көнүгүү.

Ала-Тоо(з.а.) бүгүн күлпүнүү. Жеңиштин(з.а.) туусун(з.а.) жогору көтөрөбүз. Адам(з.а.) өйдө(з.а.) тайбайт. Мен болсом ысык-көлдө(з.а.) эс алам. Үйрөгү сүттүү адам(з.а.)-гой атам(з.а.).

Улуттун(з.а.) үнүкүсү(з.а.), бүлөнү(з.а.)-атасында(з.а.).

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner